Тиркеме 1

# Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдары тарабынан юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун тартиби жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) жана аларды токтотууну каттоодон келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салат.

2. Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо), аларды токтотууну каттоо (мындан ары - каттоо) - ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аракети, ал юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) мамлекеттик реестрине (мындан ары - мамлекеттик реестр) юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) каттоо, кайра каттоо жана токтотуу жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле ушул Жободо каралган башка маалыматтарды киргизүү аркылуу жүргүзүлөт.

3. Ушул Жобого ылайык бардык юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр), Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында тигил же бул юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) үчүн башка каттоо тартиби каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик каттоого жатат.

4. Каттоо төмөнкүдөй максаттарда жүргүзүлөт:

1) юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) түзүү, мамлекеттик реестрге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, ошондой эле юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) ишин токтотуу фактысын күбөлөндүрүү;

2) катталган (кайра катталган) жана ишин токтоткон юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) эсепке алуу;

3) мамлекеттик реестрди жүргүзүү;

4) катталган (кайра катталган) жана ишин токтоткон юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө маалыматтарды кызыкдар жеке жана юридикалык жактарга берүү.

5. Юридикалык жактарды каттоону жүргүзүүчү бирдиктүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары - каттоочу орган) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Юридикалык жактарды электрондук түрдө мамлекеттик каттоонун тартиби каттоочу органдын чечими менен бекитилет.

## 2. Юридикалык жактарды, филиалдарды жана өкүлчүлүктөрдү каттоонун жалпы тартиби

6. Юридикалык жактарды каттоодо арыз ээси документтерди каттоочу органга тапшырат. Документтерди каттоого берүүнүн дагы бир ыкмасы

каттоочу органдын чечими менен бекитилген Юридикалык жактарды электрондук түрдө мамлекеттик каттоонун тартибинде каралган.

Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) каттоо саясий партияларды кошпогондо, каттоочу органдын аймактык органдары тарабынан жүргүзүлөт.

7. Төмөнкү жактар арыз ээси катары чыга алышат:

1) юридикалык жакты түзүүдө анын уюштуруучусу (уюштуруучулар);

2) юридикалык жактын аткаруучу органынын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчиси же болбосо филиалды (өкүлчүлүктү) түзүүчүнүн жетекчиси;

3) юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) ишин токтотууну каттоодо токтотуу комиссиясынын жетекчиси (токтотуучу);

4) ишеним каттын негизинде аракеттенген башка жак.

8. Арыз ээси түзүлүп жаткан юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) фирмалык аталышын алдын ала текшерүү өтүнүчү менен каттоочу органга кайрылууга укуктуу. Катталуучу (кайра катталуучу) юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) аталышын алдын ала текшерүүнүн тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-августундагы № 442-токтому бекитилген.

9. Юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдериндеги өз фирмалык аталышында кыргыз, орус алфавиттеринин тамгаларын гана, ал эми англис тилинде - латын алфавитинин тамгаларын пайдаланууга тийиш.

10. Каттоо арызына арыз ээси колтамга коёт.

11. Каттоого алууда юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) документтери каттоочу органга мамлекеттик же расмий тилде тапшырылат.

12. Каттоого алууда арыз ээси тапшырган документтерди эсепке алууну жана сактоону каттоочу орган камсыздайт.

13. Каттоого алууда ушул Жободо каралгандан башка кандайдыр бир документтерди жана маалыматтарды талап кылууга тыюу салынат.

14. Улуттук банк лицензиялоочу жана (же) жөнгө салуучу финансы-кредиттик мекемелердин жана башка мекемелердин (мындан ары - финансы-кредиттик мекемелер), коммерциялык эмес уюмдардын жана финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) уюштуруу документтерин кошпогондо, устав, уюштуруу келишими жана жобо каттоочу органга тапшырылууга жатпайт.

15. Коммерциялык уюм өзүнүн ишин типтүү уставдын же коммерциялык уюм өз алдынча иштеп чыккан жана бекиткен уставдардын негизинде жүргүзүүгө укуктуу.

Коммерциялык уюм типтүү уставды колдонгон учурда чечимде катталуучу (кайра катталуучу) коммерциялык уюм өзүнүн ишинин типтүү уставдын негизинде жүргүзө тургандыгы көрсөтүлөт.

16. Эгерде юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) уюштуруу документтеринин мазмуну мыйзамдарга ылайык келбесе, уюштуруучу

(катышуучу) алардын милдеттенмелери боюнча жооп берет. Уюштуруу документтеринин мазмуну мыйзамдардын ченемдерине каршы келген учурда юридикалык жактарды каттоо (кайра каттоо) чөйрөсүндөгү мыйзамдардын ченемдери колдонулат.

17. Тапшырылган документтердин ушул Жободо каралган тизмекке шайкеш келгендигин текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча каттоочу орган тарабынан мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк же мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө электрондук күбөлүк берилет. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө электрондук күбөлүк юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) фактысын күбөлөндүргөн документ болуп эсептелет.

Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө электрондук күбөлүк электрондук PDF/A (ISO 19005-1) түрдө каттоо арызында көрсөтүлгөн электрондук почта дарегине, ошондой эле салык органына, статистика органына жана Социалдык фондго ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасына жиберүү аркылуу берилет.

Юридикалык жактын талабы боюнча мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк кагаз түрүндө берилиши мүмкүн.

Юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) мөөргө жана (же) штампка ээ болууга укуктуу, аларда юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук фирмалык аталышы, ошондой эле мыйзамдарда каралган башка реквизиттери камтылууга тийиш.

18. Финансы-кредиттик мекемелер юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) эсептешүү, насыялык, валюталык жана башка эсептери ачылган, өзгөргөн, жабылган учурда алар жайгашкан жердеги салык органына 5 жумушчу күндүн ичинде кабарлоого милдеттүү.

19. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк жоголгон (бузулган) учурда, юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) тиешелүү каттоочу органга анын дубликатын алуу үчүн кайрылууга укуктуу. Каттоочу орган мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисинин арызынын негизинде кагаз же электрондук түрдө. “дубликат» деген белги менен 3 жумушчу күндүн ичинде берет.

20. Ушул Жобонун 21 жана 22-пункттарында көрсөтүлгөн юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) кошпогондо, юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) документтердин зарыл болгон тизмеги каттоочу органга берилген күндөн тартып 3 жумуш күндүн ичинде жүргүзүлөт.

21. Саясий партияларды жана алардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) кошпогондо, финансы-кредиттик мекемелерди, коммерциялык эмес уюмдарды, ошондой эле финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) документтердин зарыл тизмеги каттоочу органга берилген күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт.

«Өткөөл» банкты түзүүдө аны мамлекеттик каттоонун тартиби жана мөөнөтү "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен аныкталат.

22. Саясий партияларды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо (кайрадан каттоо) документтердин зарыл тизмеги каттоочу органга берилген күндөн тартып 30 календардык күндүн ичинде жүргүзүлөт.

23. Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) ишин жоюну каттоо 7 жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт.

24. Каттоо мөөнөтү арыз келип түшкөн күндөн тартып кийинки жумушчу күндөн башталат. Каттоо мөөнөтүнүн акыркы күнү жумуш эмес күнгө туш келген учурларда, кийинки жумушчу күн каттоо мөөнөтүнүн акыркы күнү болуп эсептелет.

25. Юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоодо салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексине ылайык жыйым алынат.

Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн дубликатын алууда мыйзамдарга ылайык аныкталган өлчөмдө төлөм алынат.

Мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерди мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) жана ишин жоюну каттоодо, бланк продукциясы үчүн төлөмдү кошпогондо, каттоочу орган тарабынан жыйым алынбайт.

26. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) үчүн жыйым мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү алганга чейин, ишти токтотууну каттоо учурунда - каттоочу органга документтерди тапшырган учурга чейин төлөнөт.

## 3. Каттоонун өзгөчөлүктөрү

27. Финансы-кредиттик мекемелерди, алардын филиалдарын (өкүлчүлүктөрүн) мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) Улуттук банктын же анын аймактык бөлүгүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу талап кылынат.

28. Монополияга каршы мамлекеттик органдын жазуу жүзүндөгү алдын ала макулдугу мыйзамдарда аныкталган учурларда талап кылынат.

29. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары боюнча катталган, филиал (өкүлчүлүк) түзгөн же болбосо башка юридикалык жактын уюштуруучусу катары чыккан юридикалык жак мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн кошумча түрдө тапшырат.

30. Филиал (өкүлчүлүк) түзгөн же болбосо башка юридикалык жактын уюштуруучусу катары чыкан жаткан чет өлкөлүк юридикалык жак өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча иштеген юридикалык жак болуп санала тургандыгын күбөлөндүргөн мамлекеттик реестрден алынган легалдаштырылган көчүрмөнү же башка документти кошумча түрдө тапшырат.

Кыргыз Республикасы катышуучу болгон тиешелүү эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга катышуучу өлкөлөрдүн юридикалык жактары үчүн документтерди легалдаштыруу талап кылынбайт.

Өз өлкөсүнүн мыйзамдары боюнча иштеген юридикалык жак болуп санала тургандыгын күбөлөндүргөн мамлекеттик реестрден алынган көчүрмөнү же башка документти тапшыруу мөөнөтү аталган документтерди берген күндөн тартып 6 айдан ашпоого тийиш.

31. Юридикалык жактын уюштуруучусу (катышуучусу) катары чыккан жеке жак (коомдук бирикмелердин, турак жайдын менчик ээлеринин шериктештиктеринин, диний уюмдардын, саясий партиялардын, профсоюздук уюмдардын түзүүчүлөрүн кошпогондо) каттоочу органга паспортунун же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык анын өздүгүн күбөлөндүргөн документ катары таанылган башка документинин көчүрмөсүн кошумча түрдө тапшырат.

32. Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчиси болгон жеке жак каттоочу органга паспортунун же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык анын өздүгүн күбөлөндүргөн документ катары таанылган башка документинин көчүрмөсүн кошумча түрдө тапшырат.

33. Кайра түзүүнүн (токтотуунун) натыйжасында өз ишин токтоткон юридикалык жак каттоочу органга:

1) мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк электрондук түрдө берилген учурларды кошпогондо, мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү;

2) мөөрдү жана (же) штампты тапшырганы жөнүндө ички иштер органынын маалымкатын берүүгө тийиш. Мөөр жана (же) штамп болбогон учурда, каттоочу органга алардын болбогондугу жөнүндө кайра түзүлгөн (жоюлган) юридикалык жактын жетекчисинин колтамгасы коюлган кепилдик кат тапшырылат.

Фирмалык аталышы өзгөргөндүгүнө байланыштуу мамлекеттик кайра каттоодо юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүктү алуунун алдында мурдагы фирмалык аталышы менен мөөрлөрдү жана (же) штамптарды тапшыргандыгы жөнүндө ички иштер органынын маалымкатын каттоочу органга тапшырууга милдеттүү.

34. Юридикалык жакты кайра түзүүдө каттоочу органга өткөрүп берүү актысы же бөлүү балансы тапшырылат, анда кайра түзүлгөн юридикалык жактын бардык кредиторлору менен карыздарларына карата болгон бардык милдеттенмелери боюнча, анын ичинде тараптар талашкан милдеттенмелер боюнча укуктардын өтүүчүлүгү тууралуу жоболор камтылууга тийиш.

35. Кайра уюштурууга байланыштуу кредиторлор болгон учурда юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) үчүн документтерди тапшырганга чейин эки ай мурда арыз ээси каттоочу органга кредиторлор тарабынан талаптарды коюу мөөнөтүн көрсөтүү менен юридикалык жакты кайра уюштуруу жөнүндө кабарлама жиберүүгө милдеттүү. Каттоочу орган арыз ээсинен кабарламаны алууда аны өзүнүн расмий сайтына жайгаштырууга милдеттүү. Кредиторлор тарабынан талаптарды коюунун мөөнөтү каттоочу органдын расмий сайтында маалымат жарыяланган күндөн тартып 2 айдан кем болбоого тийиш.

Кредиторлор болбогон учурда анын жетекчисинин колтамгасы менен алардын болбогондугу тууралуу кайра уюштурулуучу юридикалык жактын кепилдик каты каттоочу органга берилет. Кабарламанын формасы каттоочу орган тарабынан аныкталат.

36. Уставдык капиталдын (пайлык фонддун) өлчөмүнүн азайгандыгына байланыштуу мамлекеттик кайра каттоодо чарбалык шериктештик жана коом, кооператив бардык кредиторлорго бул жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлагандыгын тастыктаган документтерди тапшырат. Кредиторлор болбогон учурда юридикалык жак каттоочу органга алардын болбогондугу жөнүндө жетекчисинин колтамгасы коюлган кепилдик катты тапшырууга милдеттүү.

37. Чет тилде түзүлгөн документтер каттоочу органга мамлекеттик же расмий тилдеги нотариалдык күбөлөндүрүлгөн котормосу менен кошо тапшырылат.

38. Мамлекеттик кайра каттоодо жана ишти токтотууну каттоодо, финансы-кредиттик мекемелердин, коммерциялык эмес уюмдардын жана финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) уюштуруу документтери жоголгон (бузулган) учурда, каттоочу органдын расмий сайтында 5 жумушчу күндүн ичинде жарыялануга тийиш болгон кабарлама каттоочу органга тапшырылат.

Мамлекеттик кайра каттоодо жана ишти токтотууну каттоодо, юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгү, мөөрлөрү жана (же) штамптары жоголгон (бузулган) учурда, каттоочу органдын расмий сайтында 5 жумушчу күндүн ичинде жарыялануга тийиш болгон кабарлама каттоочу органга тапшырылат.

Кабарламанын формасы каттоочу орган тарабынан аныкталат.

39. Юридикалык жактардын бирикмесин (ассоциация, союз) мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) анын уюштуруучуларынын бардык өкүлдөрүнүн колтамгасы коюлган уюштуруу келишими эки нускада каттоо арызына тиркелет. Мында юридикалык жактардын өкүлдөрүнүн колтамгасы юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет же нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Саясий партияны мамлекеттик каттоодо саясий партиянын бекитилген программасы каттоо арызына тиркелет.

Диний уюмду мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) диний уюмдун дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда эсептик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгүн тастыктаган документтин көчүрмөсү каттоо арызына тиркелет.

Турак жай менчик ээлеринин шериктештигин мамлекеттик каттоодо каттоо арызына турак жай менчик ээлеринин шериктештигинин уюштуруу чогулушуна катышкан көп батирлүү үйдөгү турак жана турак эмес жайлардын менчик ээлеринин тизмеси фамилиясын, атын, атасынын атын,

дарегин жана аларга менчик укугунда таандык болгон жайга укук белгилөөчү реквизиттерин көрсөтүү менен тиркелет.

40. Бириккен жарандардын кызыкчылыктарын коргоо жана уставдык максаттарына жетүү боюнча биргелешкен иштин негизинде түзүлгөн мүчөлүккө негизделген юридикалык жактарды мамлекеттик каттоодо (кайра каттоодо) каттоочу орган тарабынан бекитилген юридикалык жактардын мүчөлөрүн каттоо журналы берилет.

41. Мамлекеттик кайра каттоо же ишин токтотууну каттоо жол-жобосунан өткөн, ошондой эле жетекчиси алмашкан юридикалык жактар (мүчөлүккө негизделген), юридикалык жактардын мүчөлөрүнүн каттоо журналынан алынган көчүрмөнү кошумча түрдө каттоочу органга беришет.

42. Юридикалык жактардын мүчөлөрүн каттоо журналынан алынган көчүрмө алардын мөөрү менен бекитилет, мөөр болболгон учурда нотариалдык жактан күбөлөндүрүлөт.

43. Юридикалык жактардын мүчөлөрүн каттоо журналы жоголгон учурда каттоочу орган юридикалык жактардын мүчөлөрүн каттоо журналынын дубликатын берет.

44. Мамлекеттик кайра каттоо же ишин токтотууну каттоо жол-жобосунан өткөн, 1997-жылдын 1-январына чейин катталган (кайра катталган) жана мамлекеттик реестрге киргизилбеген юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) мамлекеттик статистика органы тарабынан берилген юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) жөнүндө маалыматтарды камтыган документти кошумча берет.

## 4. «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча мамлекеттик каттоо (кайра каттоо)

45. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) каттоочу орган тарабынан «бирдиктүү терезе» принциби боюнча жүргүзүлөт.

46. «Бирдиктүү терезе» принциби өзүндө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) салык, статистика органдарында жана Социалдык фонддо бир учурда каттоо жана эсепке коюу менен каттоочу орган тарабынан мамлекеттик каттоону (кайра каттоону) жүргүзүүнү;

2) каттоо номерин, идентификациялык салык номерин (мындан ары - ИСН) жана ишканалар менен уюмдардын жалпы республикалык классификаторунун (мындан ары - ИУЖК) кодун ыйгаруу менен, мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө маалыматтарды мамлекеттик реестрге киргизүүнү.

3) каттоочу орган тарабынан арыз ээси ыктыярдуу тартипте аны алган учурда, каттоо номерин, ИСНны ИУЖКны ыйгаруу менен, мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү берүүнү.

Күбөлүктүн формасы жана камтылган маалыматтар каттоочу орган тарабынан аныкталат.

47. «Бирдиктүү терезе» принциби боюнча мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) жана токтотууну каттоодон өткөндөн кийин салык, статистика

органдарында, Социалдык фонддо кошумча каттоо жана эсепке коюу талап кылынбайт.

## 5. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоо

48. Ушул Жобонун 50-пункттарында көрсөтүлгөн юридикалык жактарды кошпогондо, юридикалык жакты мамлекеттик каттоодо каттоочу органга төмөнкү документтер тапшырылат:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызы;

2) юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечими;

3) ушул Жободо каралган башка документтер.

49. Юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечими төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

1) катталуучу юридикалык жактын мамлекеттик жана расмий тилдердеги фирмалык аталышын;

2) жайгашкан жерин (юридикалык дарегин);

3) фамилиясын, атын, атасынын атын, жашаган жерин (жеке жактар үчүн), толук фирмалык аталышын, жайгашкан жерин (юридикалык жактар үчүн) көрсөтүү менен ар бир уюштуруучу жөнүндө маалыматтарды;

4) юридикалык жактын уставдык капиталындагы (пайлык фондундагы) ар бир уюштуруучунун үлүштөрүнүн (пайларынын) өлчөмүн;

5) аткаруучу органдын жетекчисинин фамилиясын, атын, атасынын атын;

6) мыйзамдарга ылайык башка маалыматтарды.

50. Юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечиминде анда көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы, мамлекеттик каттоо учуруна карата уставдык капиталды (пайлык фондду) төлөө тартиби сакталгандыгы жана мыйзамда белгиленген учурларда, юридикалык жакты түзүү маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

Ушул Жобонун 50-пункттарында көрсөтүлгөн юридикалык жактарды кошпогондо, юридикалык жакты түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечимине ар бир уюштуруучу колтамга коет жана ар бир жеке жактын-уюштуруучунун колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт. Ушул Жобонун 48-пунктунда көрсөтүлгөн документтер каттоо органына уюштуруучу (уюштуруучулар) - жеке жак (жеке жактар) тарабынан түздөн-түз берилген учурда анын (алардын) колтамгасын нотариалдык милдеттүү күбөлөндүрүү талап кылынбайт. Юридикалык жактын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колтамгасы юридикалык жактын мөөрү менен бекитилүүгө же нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

51. Коммерциялык эмес уюмдарды мамлекеттик каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча каттоо арызын;

2) коммерциялык эмес уюмду түзүү, коммерциялык эмес уюмдун уставын бекитүү жана башкаруу органдарын түзүү жөнүндө чечимди;

3) коммерциялык эмес уюмдун жетекчисинин колтамгасы коюлган эки нускадагы уставды;

4) коммерциялык эмес уюмдун жетектөөчү органынын мүчөлөрүнүн фамилиясы, аты-жөнү, туулган жылы, шайланган кызматы көрсөтүлгөн тизмесин;

5) коммерциялык эмес уюмду түзүүнү уюштуруучулардын тизмесин же фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын жана дарегин көрсөтүү менен демилгечи-жарандардын (турак жай менчик ээлеринин шериктештиктери үчүн) тизмесин.

Коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучулары же демилгечилери болуп жеке жактар чыккан учурда, уюштуруучулардын тизмесинде же демилгечи-жарандардын тизмесинде уюштуруучулардын фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы жана дареги көрсөтүлөт. Тизмеге уюштуруучулар же демилгечилер кол коёт, мында алардын колтамгалары нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучусу юридикалык жак болгон учурда, уюштуруучулар тизмесинде ар бир юридикалык жактын фирмалык аталышы жана каттоо (кайра каттоо) датасы көрсөтүлөт. Жогоруда көрсөтүлгөн тизмеде юридикалык жактын жетекчисинин колтамгасы юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет же болбосо нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Коммерциялык эмес уюмду түзүү, коммерциялык эмес уюмдун уставын бекитүү жана башкаруу органдарын түзүү жөнүндө чечимге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларды кошпогондо, чогулуштун төрагасынын жана катчысынын колтамгасы коюлат жана алардын колтамгалары нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

Коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучусу бир жеке жак болгон учурда, жогоруда көрсөтүлгөн чечимге ушул уюштуруучунун колтамгасы коюлат жана анын колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Коммерциялык эмес уюмдун уюштуруучусу бир юридикалык жак болгон учурда, жогоруда көрсөтүлгөн чечимге уюштуруучу-юридикалык жактын жетекчисинин колтамгасы коюлат жана анын колтамгасы юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет же болбосо нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

52. Финансы-кредиттик мекемени мамлекеттик каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) финансы-кредиттик мекемени түзүү, уюштуруу документтерин бекитүү (түзүү) жана башкаруу органдарын түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечимин;

3) финансы-кредиттик мекеменин жетекчисинин колтамгасы коюлган уставы эки нускада;

4) финансы-кредиттик мекеменин бардык уюштуруучуларынын колтамгасы коюлган уюштуруу келишими эки нускада.

Финансы-кредиттик мекемени түзүү, уюштуруучу документтерин бекитүү (түзүү) жана башкаруу органдарын түзүү жөнүндө уюштуруучунун (уюштуруучулардын) чечимине ар бир уюштуруучу колтамгасын коет, мында жеке жакты уюштуруучунун колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш, ал эми юридикалык жактын өкүлүнүн колтамгасы юридикалык жактын мөөрү менен бекитилүүгө же нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

53. Мамлекеттик органдарды жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын мамлекеттик каттоодо арыз берүүчү каттоочу органга төмөнкү документтерди берет:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген форма боюнча каттоо арызын;

2) анын негизинде мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы түзүлгөн укуктук актыны;

3) эки нускада мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жөнүндө жобону (уставды);

4) жетекчисин дайындоо же шайлоо жөнүндө укуктук актыны.

54. Арызды кабыл алган күндөн тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) юридикалык жакты мамлекеттик каттоо үчүн керектүү документтердин тизмегинин болушун жана аларда камтылган маалыматтарда так эместиктер же дал келбестиктердин болбогондугун текшерүүгө;

2) тапшырылган документтердин мазмунунун мыйзамдарга шайкеш келгендигин текшерүүгө (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

3) тиешелүү буйрук чыгарууга жана салык, статистика органдарына, Социалдык фондго маалымдоого, мамлекеттик каттоо жөнүндө маалыматты мамлекеттик реестрге киргизүүгө;

4) мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук фирмалык аталышын, каттоо номерин, ИСНди, ИУЖК кодун, мамлекеттик каттоонун датасын жана юридикалык дарегин көрсөтүү менен, мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктү берүүгө;

5) каттоо арызында көрсөтүлгөн электрондук почта дарегине, ошондой эле салык органына, статистика органына жана Социалдык фондго ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктү мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук фирмалык аталышын, каттоо номерин, ИНН, ОКПО кодун,

мамлекеттик каттоодон өткөн датасын жана юридикалык дарегин көрсөтүү менен электрондук түрдө жөнөтүү;

6) уюштуруу документтеринин бирден нускасын берүүгө (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

7) тапшырылган каттоо документтеринин бирден нускасын камтуу менен юридикалык жактын каттоо ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө.

55. Юридикалык жакты мамлекеттик каттоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

56. Мамлекеттик каттоодон кийин финансы-кредиттик мекеменин жана коммерциялык эмес уюмдун уюштуруу документтери каттоочу органдын мөөрү жана штампы менен бекитилет.

## 6. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо

57. Юридикалык жак төмөнкү учурларда мамлекеттик кайра каттоо жол-жобосунан өтүүгө милдеттүү:

1) өзгөртүп түзүү, бөлүнүп чыгуу, биригүү формасындагы кайра түзүүдө;

2) уставдык капиталдын жана пайлык фондунун өлчөмү өзгөргөндө;

3) фирмалык аталышы өзгөргөндө;

4) уюштуруу документтерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү же болбосо уюштуруу документтерин жаңы редакцияда бекитүү (түзүү) (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

5) чарбалык шериктештиктердин жана коомдордун (акционердик коомдорду кошпогондо), коомдук фонддордун, мекемелердин жана топтолмо пенсиялык фонддордун уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамы өзгөргөндө;

6) чарбалык шериктештиктердин жана коомдордун (акционердик коомдорду кошпогондо) уставдык капиталындагы катышуучулардын үлүштөрү өзгөргөндө;

7) жайгашкан жерине карабастан каттоочу органда катталууга тийиш болгон юридикалык жактардан тышкары, юридикалык жактын жайгашкан жери өзгөргөндө (бир облустан экинчи облуска, же болбосо облустан Бишкек (Ош) шаарына жана тескерисинче);

8) юридикалык жактын органы же сот тарабынан аны кайра каттоо жөнүндө чечим кабыл алынганда.

58. Мыйзамдарда башка мөөнөттөр каралган учурларды кошпогондо, ушул Жобонун 57-пунктунда саналган негиздердин бирөө эле болсо, тиешелүү чечим кабыл алынган учурдан тартып 30 календардык күндүн ичинде, ал эми финансы-кредиттик мекемелерге карата - Улуттук банктын жазуу жүзүндөгү макулдугун алган учурдан тартып, спорттун түрлөрү боюнча республикалык федерацияларга карата - дене тарбия жана спорт жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жазуу жүзүндөгү

макулдугун алган учурдан тартып юридикалык жак мамлекеттик кайра каттоо жол-жобосунан өтүү үчүн каттоочу органга тиешелүү документтерди тапшырууга милдеттүү.

59. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимди;

3) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү;

4) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктө ИСН көрсөтүлбөгөн учурда - салык төлөөчүнүн каттоо карточкасынын көчүрмөсү же ал жоголгон (бузулган) учурда - кайра катталып жаткан юридикалык жактын ИСН көрсөтүлгөн салык органынын маалымкатын;

5) ушул Жободо аныкталган башка документтерди.

Финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар каттоочу органга төмөнкүлөрдү кошумча тапшырат:

6) мурдагы уюштуруу документтерин;

7) жаңы редакциядагы же болбосо киргизилген өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен уюштуруу документтерин эки нускада.

60. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимде мамлекеттик реестрде жазылган маалыматтарга киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш.

Мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимде анда көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын анык экендиги жана мыйзамда белгиленген учурларда, юридикалык жакты кайра каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

Ушул Жободо каралган учурларды кошпогондо, юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимге чогулуштун төрагасы менен катчысынын колтамгалары коюлат жана юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет. Мөөр болболсо аталган адамдардын колтамгалары нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Чарбалык шериктештиктерди жана коомдорду (акционердик коомдорду кошпогондо) мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимине ар бир уюштуруучу (катышуучу) колтамга коёт, мында жеке жакты уюштуруучунун (катышуучунун) колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Ар бир юридикалык жактын - уюштуруучунун (катышуучунун) өкүлү чечимди өзүнүн мөөрү менен тастыктайт же өзүнүн колтамгасын нотариалдык күбөлөндүрөт.

61. Өзүнүн үлүшүн ээликтен чыгарган катышуучу (катышуучулар) же катышуучунун (катышуучулардын) үлүшүнүн өлчөмүнүн өзгөргөндүгүнө байланыштуу чарбалык шериктештикти жана коомду (акционердик коомдорду кошпогондо) мамлекеттик кайра каттоодо, каттоочу органга үлүштү өткөрүп берүү жөнүндө макулдашуу тапшырылат. Мында үлүштү

ээликтен чыгарган катышуучу жеке жактын колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт. Үлүштү ээликтен чыгарган юридикалык жактын-катышуучунун өкүлү макулдашууну мөөр менен тастыктайт же болбосо өзүнүн колтамгасын нотариалдык күбөлөндүрөт.

62. Жеке жак болгон, катышуучулардын курамынан өзүнүн үлүшүн өткөрүп бербестен чыккан чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо) уюштуруучусу (катышуучусу) каттоочу органга жеке жактын колтамгасы милдеттүү нотариалдык күбөлөндүрүлгөн чыгуу жөнүндө арызын тапшырат.

Юридикалык жак болгон, катышуучулардын курамынан өзүнүн үлүшүн өткөрүп бербестен чыкан чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо) уюштуруучусу (катышуучусу) каттоочу органга юридикалык жактын жетекчиси кол койгон чыгуу жөнүндө арызды тапшырат. Чыгуу жөнүндө арыз юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет же жетекчинин колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

63. Эгерде чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо), коомдук фонддун, мекеменин жана топтолмо пенсиялык фонддун курамына юридикалык жана (же) жеке жак болгон жаңы катышуучу кирсе, ушул Жобонун 30-32-пункттарында каралган документтер кошумча түрдө тапшырылат.

Коомдук фонддун, мекеменин же топтолмо пенсиялык фонддун уюштуруучусу (катышуучусу) уюштуруучулардын (катышуучулардын) курамынан чыккандыгына байланыштуу кайра каттоодо чыгуу жөнүндө арыз кошумча тапшырылат.

Катышуучунун - жеке жактын чыгуу жөнүндө арызына жеке жак колтамгасын коет жана анын колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Катышуучунун - юридикалык жактын чыгуу жөнүндө арызына жетекчи колтамгасын коет, юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет же анын колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Коомдук фондду, мекемени же топтолмо пенсиялык фондду уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамына жаңы уюштуруучу (катышуучулар) киргендигине байланыштуу кайра каттоодо жаңы катышуучуну (катышуучуларды) киргизүү жөнүндө чечим кошумча тапшырылат.

Коомдук фонддун, мекеменин же топтолмо пенсиялык фонддун уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамына жаңы катышуучуну (катышуучуларды) киргизүү жөнүндө чечим уюштуруучулар (катышуучулар) тарабынан бир добуштан кабыл алынууга тийиш.

Чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо) уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамына жеке жактын мураскору (мураскорлору) кирген учурда, каттоочу органга мурастоо укугу жөнүндө күбөлүк же болбосо анын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү кошумча тапшырылат.

Чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо), коомдук фонддун, мекеменин, топтолмо пенсиялык фонддун

уюштуруучуларынын (катышуучуларынын) курамынан уюштуруучуну (катышуучуну) чыгарып салууда каттоочу органга мыйзамдуу күчүнө кирген соттун чечими кошумча тапшырылат.

64. Арызды кабыл алган учурдан тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо үчүн зарыл документтердин тизмегинин болушун, аларда камтылган маалыматтарда так эместиктер же дал келбестиктердин болбогондугун текшерүүгө;

2) тапшырылган документтердин мазмунунун мыйзамдарга шайкеш келгендигин текшерүүгө (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

3) тиешелүү буйрук чыгарууга жана салык, статистика органдарына, Социалдык фондго маалымдоого, мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө маалыматты мамлекеттик реестрге киргизүүгө;

4) мамлекеттик жана расмий тилдерде толук фирмалык аталышын, каттоо номерин, ИСНди, ИУЖК кодун, мамлекеттик кайра каттоо датасын, баштапкы мамлекеттик каттоо датасын жана юридикалык дарегин көрсөтүү менен, мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүк берүүгө;

5) уюштуруу документтеринин бирден нускасын берүүгө (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

6) тапшырылган каттоо документтеринин бирден нускасын камтуу менен юридикалык жактын каттоо ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө.

65. Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

66. Мамлекеттик кайра каттоодон кийин финансы-кредиттик мекеменин жана коммерциялык эмес уюмдун уюштуруу документтери каттоочу органдын мөөрү жана штампы менен бекитилет.

## 7. Юридикалык жактын ишин токтотууну каттоо

67. Токтотуу комиссиясы (токтотуучу) юридикалык жактын ыйгарым укуктуу органы же сот тарабынан юридикалык жакты токтотуу жана токтотуу комиссиясын (токтотуучуну) шайлоо (дайындоо) жөнүндө чечим кабыл алынган күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде бул тууралуу каттоочу органга жазуу жүзүндө кабарлайт. Кабарлоо ушул бөлүктө каралган чечимдин көчүрмөсүн милдеттүү тиркөө менен анын кредиторлорунун талаптарын билдирүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү жөнүндө маалыматты камтууга тийиш. Мында анын кредиторлорунун талаптарын билдирүү мөөнөтү жоюлгандыгы жөнүндө жарыяланган учурдан тартып 2 айдан кем болбоого тийиш.

68. Каттоочу орган юридикалык жактын токтотуу жөнүндө кабарлоосун алып, 7 жумушчу күндүн ичинде мамлекеттик реестрге юридикалык жактын жоюлуу процессинде экендиги жөнүндө жазууну

киргизүүгө жана бул тууралуу салык жана бажы органдарына, статистика органдарына жана Социалдык фондго билдирүүгө милдеттүү.

69. Юридикалык жактын ишин токтотууну каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) юридикалык жакты токтотуу жана токтотуу комиссиясын (токтотуучуну) шайлоо (дайындоо) жөнүндө юридикалык жактын органынын же соттун чечимин;

3) юридикалык жакты мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүн;

4) уставын (финансы-кредиттик мекемелер жана коммерциялык эмес уюмдар үчүн);

5) мөөрдү жана (же) штампты тапшыргандыгы жөнүндө ички иштер органынан маалымкатты (алар болгон учурда);

6) токтотуу балансын бекитүү жөнүндө чечимди;

7) жоюлуп жаткан юридикалык жактын архивдик документтери сакталуучу жер жөнүндө мамлекеттик архивдик фонддун корутундусун;

8) каттоо жыйымы төлөнгөнүн тастыктаган документти (маалыматты);

9) ушул Жободо аныкталган башка документтерди.

70. Юридикалык жактын органы токтотуу балансын бекитүү жөнүндө чечимди юридикалык жактын үчүнчү жактарга милдеттенмелери, анын ичинде кепилдик милдеттенмелери болбогондо гана кабыл ала алат.

Токтотуу балансын бекитүү жөнүндө чечимде андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле ишти токтотууну каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы жана, мыйзамда белгиленген учурларда, ишти токтотууну каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

Ушул Жободо белгиленген учурларды кошпогондо, токтотуу балансын бекитүү жөнүндө чечимге чогулуштун төрагасынын жана катчысынын колтамгалары коюлат жана юридикалык жактын мөөрү менен бекитилет. Мөөр болбогон учурда аталган жактардын колтамгалары нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо) токтотуу балансын бекитүү жөнүндө чечимге ар бир катышуучу колтамга коёт, мында жеке жактын катышуучусунун колтамгасы нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Юридикалык жактын - катышуучунун өкүлү чечимди өзүнүн мөөрү менен күбөлөндүрүүгө же өзүнүн колтамгасын нотариалдык күбөлөндүрүүгө тийиш.

71. Ишин токтотууну каттоо үчүн каттоочу органга документтерди тапшырганга чейин юридикалык жак белгиленген тартипте өзүнүн бардык филиалдарын, өкүлчүлүктөрүн жана жалпыга маалымдоо каражаттарын токтотууга милдеттүү.

72. Арыз кабыл алынган учурдан тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) ишин токтотууну каттоо үчүн зарыл документтердин тизмегинин болушун жана аларда камтылган маалыматтарда туура эместиктер же дал келбестиктердин болбогондугун текшерүүгө;

2) салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрүү боюнча карыздын болбогондугу тууралуу маалыматты салык органынан электрондук өз ара аракеттенүү аркылуу же Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган башка жол аркылуу суратып алууга;

3) тиешелүү буйрук чыгарууга жана салык, статистика органдарына, Социалдык фондго маалымдоого, иши жоюлгандыгы жөнүндө маалыматты мамлекеттик реестрге киргизүүгө;

4) ишин токтотууну каттоо жөнүндө буйруктун көчүрмөсүн берүүгө;

5) тапшырылган каттоо документтеринин бирден нускасын камтуу менен юридикалык жактын каттоо ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө;

73. Юридикалык жактын ишин токтотууну каттоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

## 8. Юридикалык жактар банкрот болгондо ишин токтотууну каттоо

74. Сот тартибиндеги банкроттукта карызкордун банкроттук процессинин аяктагандыгы жөнүндө мыйзамдуу күчүнө кирген соттук акт каттоочу органдын юридикалык жактын ишин токтотууну каттоо жөнүндө буйрук чыгаруусу үчүн негиз болуп саналат.

75. Соттон тышкаркы тартиптеги банкроттукта банкроттук иштер боюнча ыйгарым укуктуу органдын юридикалык жактын банкроттук процессинин аяктагандыгы жөнүндө аталган мамлекеттик органдын мөөрү менен бекитилген каты каттоочу органдын юридикалык жактын ишин токтотууну каттоо жөнүндө буйрук чыгаруусу үчүн негиз болуп саналат.

## 9. Юридикалык жактарды мажбурлап токтотуу

76. Ал салык органына бир жыл бою отчет бербеген учурда салык органы юридикалык жакты мажбурлап токтотуу жөнүндө арыз менен сотко кайрылууга укуктуу.

Юридикалык жакты мажбурлап токтотуу жөнүндө соттун белгиленген тартипте мыйзамдуу күчүнө кирген чечими каттоо органы тарабынан ишин токтотууну каттоо жөнүндө буйрук чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

## 10. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоо

77. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө юридикалык жактын органынын чечимин;

3) ушул Жободо каралган башка документтерди.

78. Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечимде төмөндөгүлөр камтылууга тийиш:

1) филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик жана расмий тилдердеги фирмалык аталышы;

2) филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жери;

3) юридикалык жактын органынын филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчисин дайындоо тууралу чечимин;

4) филиалды (өкүлчүлүктү) түзүүчү юридикалык жактын толук фирмалык аталышы, юридикалык дареги, каттоо маалыматтары.

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечимде анда көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы жана мыйзамда белгиленген учурларда, филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

Филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечимге юридикалык жактын органынын жетекчиси колтамга коёт жана юридикалык жактын мөөрү бар болсо аны менен бекитилет.

78. Финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалын (өкүлчүлүгүн) мамлекеттик каттоодо арыз ээси каттоочу органга ушул Жобонун 74-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча түрдө төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) филиал (өкүлчүлүк) жөнүндө бекитилген жобону эки нускада;

2) филиалды (өкүлчүлүктү) түзүү жөнүндө чечим кабыл алган финансы-кредиттик мекеменин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрүн.

Саясий партиялардын филиалын (өкүлчүлүгүн) мамлекеттик каттоодо арыз ээси ушул Жобонун 78-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча түрдө фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, дарегин жана саясий партияга мүчөлүккө кабыл алынган датасын көрсөтүү менен саясий партиянын тиешелүү филиалында (өкүлчүлүгүндө) турган мүчөлөрүнүн тизмесин каттоочу органга тапшырат.

79. Арызды кабыл алган учурдан тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоо үчүн зарыл документтердин тизмегинин болушун жана аларда камтылган маалыматтарда туура эместиктер же дал келбестиктердин болбогондугун текшерүүгө;

2) тапшырылган документтердин мазмунунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келгендигин текшерүүгө

(финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

3) тиешелүү буйрук чыгарууга жана салык, статистика органдарына, Социалдык фондго маалымдоого, мамлекеттик каттоо жөнүндө маалыматты мамлекеттик реестрге киргизүүгө;

4) мамлекеттик жана расмий тилдерде толук фирмалык аталышын, каттоо номерин, ИСНди, ИУЖК кодун, мамлекеттик каттоонун датасын жана филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жерин, филиалды (өкүлчүлүктү) түзүп жаткан юридикалык жактын толук фирмалык аталышын жана жайгашкан жерин көрсөтүү менен, мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк берүүгө;

5) уюштуруу документтеринин бирден нускасын берүүгө (финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

6) тапшырылган каттоо документтеринин бирден нускасын камтуу менен филиалдын (өкүлчүлүктүн) каттоо ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө.

80. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

81. Мамлекеттик каттоодон кийин финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) жоболору каттоочу органдын мөөрү жана штампы менен бекитилет.

## 11. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоо

82. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоо үчүн төмөндөгүлөр негиз болуп саналат:

1) филиалдын (өкүлчүлүктүн) фирмалык аталышынын өзгөрүшү;

2) филиалды (өкүлчүлүктү) түзгөн юридикалык жактын фирмалык аталышынын өзгөрүшү;

3) жайгашкан жерине карабастан каттоочу органда катталууга тийиш болгон филиалдардан (өкүлчүлүктөрдөн) тышкары филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жеринин өзгөрүшү (бир облустан экинчи облуска, же болбосо облустан Бишкек (Ош) шаарына жана тескерисинче);

4) жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, жобону жаңы редакцияда бекитүү (финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

5) филиалды (өкүлчүлүктү) түзгөн юридикалык жактын органы же сот тарабынан филиалды (өкүлчүлүктү) кайра каттоо жөнүндө чечим кабыл алынышы.

83. Филиал (өкүлчүлүк) ушул Жобонун 83-пунктунда саналган негиздердин бирөө эле болсо, тиешелүү чечим кабыл алынган учурдан тартып 30 календардык күндүн ичинде мамлекеттик кайра каттоо жол-

жобосунан өтүү үчүн каттоочу органга тиешелүү документтердин пакетин тапшырууга милдеттүү.

84. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) юридикалык жактын органынын филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимин;

3) филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүн;

4) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктө ИСН көрсөтүлбөгөн учурда - салык төлөөчүнүн каттоо карточкасынын көчүрмөсү же ал жоголгон (бузулган) учурда - кайра катталып жаткан филиалдын (өкүлчүлүктүн) ИСН көрсөтүлгөн салык органынын маалымкатын;

5) ушул Жободо аныкталган башка документтерди.

Финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) каттоочу органга төмөнкүлөрдү кошумча түрдө тапшырат:

6) мурдагы жобосун;

7) жаңы редакциядагы же болбосо өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген жобосун эки нускада.

Саясий партиялардын филиалын (өкүлчүлүгүн) мамлекеттик каттоодо арыз ээси ушул бөлүктө көрсөтүлгөн документтерге кошумча түрдө фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, дарегин жана саясий партияга мүчөлүккө кабыл алынган датасын көрсөтүү менен саясий партиянын тиешелүү филиалында (өкүлчүлүгүндө) турган мүчөлөрүнүн тизмесин каттоочу органга тапшырат.

85. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимде мамлекеттик реестрде жазылган маалыматтарга киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор жөнүндө маалыматтар камтылууга тийиш.

Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө чечимде анда көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы жана мыйзамдарда белгиленген учурларда, филиалды (өкүлчүлүктү) кайра каттоо маселелери тиешелүү мамлекеттик жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы тастыкталат.

86. Арызды кабыл алган учурдан тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоо үчүн зарыл документтердин тизмегинин болушун жана аларда камтылган маалыматтарда так эместиктердин же дал келбестиктердин болбогондугун текшерүүгө;

2) тапшырылган документтердин мазмунунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келгендигин текшерүүгө (чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

3) тиешелүү буйрук чыгарууга жана салык, статистика органдарына, Социалдык фондго маалымдоого, мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө маалыматты мамлекеттик реестрге киргизүүгө;

4) мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук фирмалык аталышын, каттоо номерин, ИСНди, ИУЖК кодун, мамлекеттик кайра каттоо датасын, баштапкы мамлекеттик каттоо датасын жана филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жерин, филиалды (өкүлчүлүктү) түзгөн юридикалык жактын толук фирмалык аталышын жана жайгашкан жерин көрсөтүү менен, мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүк берүүгө;

5) уюштуруу документтеринин бирден нускасын берүүгө (финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

6) тапшырылган каттоо документтеринин бирден нускасын камтуу менен филиалдын (өкүлчүлүктүн) каттоо ишин тариздөөгө жана аны каттоочу органдын архивине берүүгө.

87. Филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик кайра каттоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

88. Мамлекеттик кайра каттоодон кийин финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) жоболору каттоочу органдын мөөрү жана штампы менен бекитилет.

## 12. Филиалдын (өкүлчүлүктүн) ишин токтотууну каттоо

89. Филиалдын (өкүлчүлүктүн) ишин токтотууну каттоодо арыз ээси каттоочу органга төмөнкүлөрдү тапшырат:

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча толтурулган каттоо арызын;

2) юридикалык жактын органынын же соттун филиалды (өкүлчүлүктү) токтотуу жөнүндө чечимин;

3) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүн;

4) жобонун түп нускасын (финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

5) каттоо жыйымы төлөнгөнүн тастыктаган документти (маалыматты);

6) мөөрдү жана (же) штампты тапшыргандыгы жөнүндө ички иштер органынан маалымкатты (алар бар болгон учурда).

Филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү жана (же) штампы болбогон учурда каттоочу органга алардын болбогондугу жөнүндө филиалдын (өкүлчүлүктүн) же болбосо юридикалык жактын жетекчисинин колтамгасы коюлган кепилдик кат тапшырылат.

90. Арызды кабыл алган учурдан тартып каттоочу орган белгиленген мөөнөттө төмөнкүлөргө милдеттүү.

1) Министрлер Кабинети бекиткен форма боюнча каттоо арызы;

2) филиалдын (өкүлчүлүктүн) ишин токтотуу жөнүндө юридикалык жактын органынын же соттун чечими;

3) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк;

4) кызмат орду (финансы-кредиттик мекемелердин, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдары (өкүлчүлүктөрү) үчүн);

5) каттоо алымынын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ (маалымат);

6) мөөрдү жана (же) штампты (бар болсо) тапшыруу жөнүндө ички иштер органынын маалымкаты.

91. Филиалдын (өкүлчүлүктүн) ишин токтотууну калоонун датасы болуп каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан дата эсептелет.

## 13. Мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтарга өзгөртүүлөр жана толуктоолор

92. Юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) төмөндөгүлөр өзгөргөндө, чечим кабыл алынган учурдан тартып 30 календардык күндүн ичинде каттоочу органга маалымдоого милдеттүү:

1) жетекчиси;

2) жайгашкан жери (юридикалык дареги);

3) телефон, факс номерлери жана электрондук дареги;

4) чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо), коомдук фонддун, мекеменин жана топтолмо пенсиялык фонддун жеке жак болгон уюштуруучусунун (катышуучусунун) паспорттук маалыматтары же анын өздүгүн күбөлөндүргөн башка документинин маалыматтары;

5) чарбалык шериктештиктин жана коомдун (акционердик коомду кошпогондо), коомдук фонддун, мекеменин жана топтолмо пенсиялык фонддун юридикалык жак болгон уюштуруучусунун (катышуучусунун) каттоо маалыматтары;

6) жетекчинин паспорттук маалыматтары же анын өздүгүн күбөлөндүргөн башка документинин маалыматтары.

93. Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мамлекеттик кайра каттоого алып келбеген маалыматтары өзгөргөндө каттоочу органга юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү менен бекитилген жана алардын жетекчилеринин колу коюлган кабарлама тапшырылат. Мөөр болбосо, жетекчинин колу нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

94. Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жетекчиси алмашкан учурда кабарламага жаңы жетекчини шайлоо (дайындоо) жөнүндө чечим жана анын паспортунун же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүгүн күбөлөндүргөн документ катары таанылган башка документинин көчүрмөсү тиркелет.

Жаңы жетекчини шайлоо (дайындоо) жөнүндө чечим юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү менен бекитилүүгө тийиш. Мөөр болбосо, чечимге кол койгон адамдардын колу нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

95. Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жери өзгөргөн учурда кабарламага юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) жайгашкан жерин өзгөртүү жөнүндө юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) мөөрү менен бекитилген чечими тиркелет. Мөөр болбосо, чечимге кол койгон адамдардын колу нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

Ушул Жобонун 93-пунктунун бешинчи жана алтынчы абзацтарында көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөргөн учурда, кабарламага киргизилген өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү тиркелет.

96. Каттоочу орган кабарламаны алып, 7 жумушчу күндүн ичинде мамлекеттик реестрге тиешелүү маалыматтарды киргизет жана бул жөнүндө салык, статистика органдарына жана Социалдык фондго кабарлайт.

## 14. Юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) бирдиктүү мамлекеттик реестри

97. Каттоочу орган тарабынан юридикалык жактардын, филиалдардын (өкүлчүлүктөрдүн) бирдиктүү мамлекеттик реестри жүргүзүлөт, анда катталган (кайра катталган) жана иши жоюлган юридикалык жактар, филиалдар (өкүлчүлүктөр) жөнүндө маалыматтар камтылат.

Мамлекеттик реестрди жүргүзүү тартиби Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

98. Мамлекеттик реестрде төмөндөгү маалыматтар камтылат:

1) мамлекеттик жана расмий тилдердеги толук, кыскартылган (бар болгон учурда) фирмалык аталышы;

2) каттоо жөнүндө буйруктун датасы жана номери;

3) баштапкы мамлекеттик каттоонун датасы;

4) уюштуруучулук-укуктук формасы жана менчигинин формасы;

5) юридикалык жактын түзүлүү ыкмасы (түзүү - же кайра түзүү);

6) каттоо номери, ИСНи, ИУЖК коду;

7) юридикалык дареги (жайгашкан жери);

8) телефон жана факс номерлери, электрондук дареги;

9) юридикалык жактын уюштуруучулары жөнүндө маалыматтар;

10) акционердик коомдорду кошпогондо, уставдык капиталдын (пайлык фонддун) өлчөмү, уюштуруучулардын (катышуучулардын) үлүштөрүнүн өлчөмдөрү;

11) юридикалык жактын жоюлуу процессинде тургандыгы жөнүндө маалыматтар;

12) юридикалык жактын жоюлгандыгы жөнүндө маалыматтар;

13) жетекчи жөнүндө маалыматтар;

13) филиал (өкүлчүлүк) түзгөн юридикалык жак жөнүндө маалыматтар.

99. Мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтар жалпыга тааныштыруу үчүн ачык болуп эсептелет.

100. Мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтар кызыкдар жактарга көчүрмө түрүндө берилиши мүмкүн.

Каттоочу орган мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтарды бергендиги үчүн төлөм алат.

Мамлекеттик реестрден маалыматтар мамлекеттик мекемелерге акысыз берилет.

Мамлекеттик реестрде камтылган маалыматтарды бергендиги үчүн төлөмдүн өлчөмү мыйзамдарга ылайык аныкталат.

## 15. Мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө буйрукту жокко чыгаруу. Каттоодон баш тартуу

101. Арыз ээси мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктү каттоочу органдын тиешелүү буйругу чыккан күндөн тартып 2 айдын ичинде алууга тийиш. Эгерде мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүк көрсөтүлгөн мөөнөттө алынбаса, каттоочу орган өзүнүн буйругу менен мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө буйрукту жокко чыгарууга жана тапшырылган документтерди арыз ээсине кайтарып берүүгө укуктуу.

Каттоочу орган мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө буйрукту жокко чыгаргандыгы тууралуу салык, бажы, статистика органдарын, Социалдык фондго кабарлоого милдеттүү.

102. Юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоодон баш тартууга төмөнкү учурларда жол берилет:

1) юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) каттоо үчүн ушул Жободо белгиленген тиешелүү документтер тапшырылбаганда;

2) мамлекеттик реестрде толук жана (же) кыскартылган окшош фирмалык аталышы менен катталган (кайра катталган) юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) болгондо. Толук же кыскартылган фирмалык аталышы окшош деп башка катталган (кайра катталган) юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) толук же кыскартылган фирмалык аталышына бардык элементтери боюнча ырааттуу түрдө дал келүү түшүнүлөт, Толук же кыскартылган фирмалык аталышта символдорду, тыныш белгилерин жана цифраларды колдонуу анын окшоштугун жокко чыгарбайт;

3) тапшырылган документтерде камтылган маалыматтарда так эместиктер же дал келбестиктер табылганда;

4) документтерди тийиштүү эмес каттоочу органга тапшырганда;

5) финансы-кредиттик мекемелердин, коммерциялык эмес уюмдардын жана чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) тапшырылган документтери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келбегенде;

6) чечимде ушул Жободо каралган маалыматтар болбогондо;

7) эгерде юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) фирмалык аталышы жыныстык белгилери, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ишеничи, билими, теги, мүлктүк же башка абалы боюнча кодулоо элементтерин, ошондой эле одоно жана адепсиз (уят) сөздөрдү камтыса;

8) каттоого тыюу салуу жөнүндө соттун, тергөөчүнүн, соттук аткаруучунун актысы болгондо;

9) юридикалык жактын уюштуруучулары, жетекчилери, арыз ээлери жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катары чыккан адамдар издөөдөгү адамдардын (улуттук жана эл аралык) тизмесине, Кыргыз Республикасынын жалпы санкциялык тизмегине жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук кеңешинин жалпы санкциялык тизмегине киргизилгени аныкталганда;

10) ушул Жободо белгиленген ишти токтотууну каттоо тартиби бузулганда.

Юридикалык жактардын, чет өлкөлүк же эл аралык уюмдардын филиалдарынын (өкүлчүлүктөрүнүн) салыктар жана камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздары жөнүндө салык органынан алынган маалымат болгон учурда да ишти токтотууну каттоодон баш тартылат.

Каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим мыйзамдын ченемине милдеттүү түрдө шилтеме берүү менен, баш тартуунун негиздерин камтууга тийиш.

103. Каттоодон баш тартууга негиз болгон себептерди жойгондон кийин арыз ээси каттоочу органга кайрадан кайрыла алат.

104. Юридикалык жактын, филиалдын (өкүлчүлүктүн) түзүлүшү максатка ылайыксыз деген жүйөлөр менен аларды каттоодон баш тартууга жол берилбейт.

## 16. Ушул Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

105. Мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды тапшырбагандыгы же өз убагында тапшырбагандыгы үчүн, ошондой эле анык эмес маалыматтарды тапшыргандыгы үчүн арыз ээси, уюштуруучу, жетекчи, юридикалык жак, филиал (өкүлчүлүк) Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси ылайык жоопкерчилик тартат.

106. Ушул Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн каттоочу орган Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.